УДК 502:37.03

*Маткасымова М.О., улук окутуучу*
*Ош гуманитардык-педагогикалык институту*

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫН БАШТАПКЫ ЭКОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ӨБӨЛГӨЛӨРҮ

# ФОРМИРОВАНИЕ НАЧАЛЬНОЙ ЭКОЛОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА

# FORMATION OF THE INITIAL ECOLOGICAL CULTURE OF PRESCHOOL CHILDREN

***Аннотация:*** *Бул макалада мектепке чейинки курактагы балдардын экологиялык маданиятынын негиздерин калыптандырууда экологиялык билим берүүнүн мааниси, курчаган чөйрөсү менен тааныш болууга, жаратылыштагы нерселер менен кубулуштардын өзгөчөлүктөрүн түшүнүү мүмкүнчүлүктөрү чечмеленди.*

***Аннотация:*** *в данной статье рассматривается значение экологического воспитания при формировании основы экологической культуры детей дошкольного возраста, важности охраны окружающей среды, понимания особенностей природных явлений.*

***Abstract:*** *in this article, the importance of ecological education in shaping the basis of ecological culture of preschool children, the importance of protecting the environment, understanding the specific nature of natural phenomena is considered.*

***Түйүндүү сөздөр****: экология, экологиялык маданият, экологиялык билим, маданият, экологиялык проблема, айлана-чөйрө, жаратылыш, табият.*

***Ключевые слова****: экология, экологическое воспитание, экологическое знание, культура, экологическая проблема, окружающая среда, природа, среда.*

***Key words****: ecology, ecological bring-up, ecological knowledge, culture, ecological problem, environment, nature, environment.*

XXI кылым адамзатка көптөгөн жетишкендиктер менен бирге кыйынчылыктарды да кошо алып келди. Экологиялык проблемалар жаралды. Жаратылыштын ресурстарынын барган сайын азайып баратышы, илимий-техникалык прогресстин дүркүрөп өсүшүнүн негизинде ушул көйгөйлөр келип чыгууда. Экологиялык кризис эң биринчи кезекте адамзаттын саламаттыгына, генофондуна да олуттуу зыянын тийгизип, ошондой эле жаныбарлар менен өсүмдүктөр дүйнөсүнүн азайып же кырылып жок болушуна да алып келип, жашоо-турмуш өз ара чырмалышта турган адам жана жаратылышка көптөгөн маселелерди жаратууда.

"Адам - коом - табият" ортосундагы байланыш жана ага карай чечилүүчү маселелер бүгүнкү күндө дүйнөлүк деңгээлге көтөрүлүүдө. Аталган абал боюнча карым-катнаштын чиеленишкенин билдире турган маселелердин бири - бүткүл адамзаттын экологиялык маданиятын өнүктүрүү болуп эсептелет.

**"Экология"** - деген түшүнүк айлана-чөйрөнүн өзгөрмөлүү көрүнүшүнө байланыштуу айтылган илимий түшүнүк. Экологияны илимий термин иретинде 1866-жылы немис илимпозу Эрнест Геккель колдонуп, тиричиликтин ар түрдүү жагын жана адамдын курчаган чөйрө менен карым- катнашын "экология" деп атаган. Экология гректин – **oicos** (үй) жана **logos**- (изилдөө) деген сөзүнөн алынып "жашаган чөйрөнү изилдөө" дегенди билдирет [1.408].

Француз окумуштуусу Р.Дажо "Экология - бул жаратылыш, айлана-чөйрө менен жашоо тиричиликтин ортосундагы мамилени изилдей турган илим", - деген [2.132]. Аныктай келгенде ал биздин жер шаарыбызды мекендеген жаныбарлар,

өсүмдүктөр жана алардын жашоосунун ортосундагы байланышты изилдөөгө умтулган жана аны андан ары өнүктүрүүгө аракеттенген адамдардын иш-аракети. Экология болочоктун илими жана адамдардын жашоосунун прогресси деген жыйынтыкка келебиз.

В.А.Вронский "Практическая экология" деген эмгегинде: "Азыркы убакта экология адамзат менен айлана-чөйрөнүн ортосундагы мамилелерди изилдөөдө, заманга ылайык өзөктүү маселелерди чечүүдө башчылыкка ала турган синтетикалык илимдердин бирине айланган," - деп белгилеген [3.512].

Мектепке чейинки курактагы балдардын баштапкы экологиялык маданиятын калыптандырууда жана педагогикалык маанисин аныктоодо "баштапкы экологиялык маданият" деген түшүнүктү толук аныктап алышыбыз керек.

"Экологиялык маданият" деген түшүнүк илимий-теориялык жана методикалык изилдөөлөрдө бүгүнкү күнгө чейин мазмуну жана мааниси жагынан ар кандай түшүндүрүлүп келүүдө. "Маданият" - cultura- латын тилинен которгондо "оңдоо", "өңдөө" же "иштетүү" деген маанини билдирет. Демек, "Маданият” дегенибиз - адамзаттын пайда болгон күнүнөн ушул убакка чейин жыйналган билими, ал билимге таянып иштеген иш-өнөрүн айтсак болот.
Философиялык сөздүктө "Маданият - адамдын дүйнөлүк жаратылышты сактоо жана жаңыртуу үчүн колдонулган формаларынын эволюциясын далилдөөгө арналат жана адамдын тиричилик аракетинин эрежелеринен аныкталат", - деп берилген [4].

Адам адам менен, табият менен баарлашып, өзүнө чейинки топтолгон тажрыйбаны өздөштүрүп, анын маанисин түшүнгөндө гана маданият көрүнүш катарында ишке ашат. Маданияттуулук адамдын табиятка, адамга, коомго болгон көз карашын, мамилесин белгилейт.

Адам өзүнүн иш-аракетинде экологиялык маданиятты пайдалануунун туура жолдорун караштырып, курчаган чөйрөнү жакшыртууга камкордук көрүп, анын булганышына, ыплас болушуна жол бербейт. Адамдын маданияттуулугу билим алуунун негизинде, коомдогу саясий-экономикалык жагдайга байланыштуу акырындап калыптанат.

Улуу ойчул Аль Фараби адамдын табиятка болгон туура көз карашы-анын ой-сезимин, акыл-эсин, кулк-мүнөзүн жетилдирүү аркылуу ишке ашат деп белгилеген.

Дүйнө жүзүндө жашап жаткан калктар сыяктуу кыргыз эли да коомдук өнүгүүнүн бир канча тепкичтерин басып өткөн. Ошол мезгилдер тушунда кыргыз элинин да коомдук-философиялык ой-пикирлери калыптанып, бай руханий мурастары менен улуттук санаа-сезимдери жаш муундарды тарбиялоодо өзгөчө роль ойногон.

X1X к. экинчи жарымында XX к. башында жашаган "заманчыл" акындар Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу жана Молдо Кылыч өз чыгармаларында кыргыз элинин жашаган жерин, анын жаратылышын, коздугун чөп-чардан тартып, кыбыраган жан-жаныбарларга чейин бирден эсептеп, баяндама беришкен. Мисалы, Калыгул "Калыгулдун сөзү", "Ысык-Көл тууралуу айтканы" ж.б. ырларында жердин сулуулугун, көркүн, анда жашаган жан-жаныбарлар жөнүндө суктануу менен баяндап, эл менен жердин бири-бирине байланыштуу экенин көрсөткөн.

Мектепке чейинки балдардын баштапкы экологиялык маданияты - бул табияттын маанисин түшүнүү жана жөнөкөй экологиялык билим менен билгичтигин күнүмдүк жашоодо колдоно билүүгө багытталган иш-аракети, алгачкы экологиялык жүрүм-туруму. Бул сапаттардын негизин бала үй-бүлөдө ата-энеден алат. Анткени үй-бүлө тарбиясы, тарбиянын фундаменти. Ата-энелердин жаратылыш, кубулуш, көрүнүш жөнүндө бала менен баарлашуусу баалуу болуп эсептелет.

Табиятка карата жакшы сезимдерин ойготуу менен бала жаратылышта жүрүм-турум эрежелерин сактоого, аны коргоого байланышкан милдеттерин өз алдынча чечүүгө үйрөнөт. Мисалы: сынган бутакты асып байлай алат, уясынан түшүп калаган балапанды уясына салат, үзүлгөн гүлдөрдү сууга салууну билет ж.б. Ошондой эле токойдо өзүн алып жүрүү эрежелерин сактайт. Мисалы токойдо кыйкырууга, от жагууга, таштандыларды калтырууга болбой турганын үйрөнүшөт.

Кылымдар бою өзүн табияттын ээси катары сезип келген адамдын психологиясын бир күндө эле өзгөртүү мүмкүн эмес. Ал тууралуу бүткүл адамзат коомуна табият жөнүндө белгилүү билим менен тарбия берүү керектиги аныкталып отурат. Мунун алгачкы баскычы мектеп жашына чейинки балдардын баштапкы экологиялык маданиятын калыптандыруу болуп эсептелет. Жаш балдардын айлана-чөйрө, жан-жаныбарлар, өсүмдүктөр, канаттуулар, жаратылыш көрүнүштөрү жөнүндө маалыматтары болууга тийиш. Табият менен турмуш-тиричиликке бирдей кароого, айлана-чөйрөнү сактай билүүгө тарбиялоо б.а. баланын тарбиясын экологиялаштыруу керек.

Мектепке чейинки курактагы балдарды айрым бир байланыштарга көз салууга, жакынкы айланадагы мисалдардан аларды конкреттештирүүгө үйрөтүү зарыл. Өсүмдүктөргө суу керек экендигин түшүндүрүүдө мисал менен конкретештирүү. Мисалы: алма дарагы сууну жамгырдан же агып келген суудан ичет, бөлмөдөгү гүл болсо, сууну суу куйгучтан ичет. Дарактарды жана гүлдөрдү адам, (тарбиячы, бала) гана суугара алат. Анткени бизди курчап турган бардык нерсенин жашоосу адамга гана байланыштуу.

Жандуу жаратылаш менен жансыз жаратылышты салыштырууну үйрөнүшөт. Мисалы: гүл өсөт, суу ичет, көбөйөт, гүлдөйт, мөмө берет – бул жандуу жаратылыш экенин, ал эми ташты алсак, өспөйт, суу ичпейт, көбөйбөйт, гүлдөбөйт, мөмө бербейт-бул жансыз жаратылыш экенин айырмалап билүүгө үйрөнүшөт [5].

Ошентип, ой-сезимди экологиялаштыруунун жогорку тепкичи курчаган чөйрө менен тыгыз байланыштагы турмуш тажрыйбасы менен түшүндүрүлө турган экологиялык маданият болуп эсептелет.

Оюндар жана аңгемелешүүлөр балдарга элдик белгилердин тууралыгына ынанууга жардам берет. Мисалы: уток аязда бир буттап турат, коңуздар аба-ырайы бузулганда ызылдайт, кышкысын бороон болсо, жайкысын күн жаанчыл болот ж.б.

Мектепке чейинки курактагы балдардын экологиялык маданиятынын негиздерин калыптандырууда экологиялык билим берүүнүн мааниси зор. Экологиялык билим берүү баланын курчаган чөйрөсү менен тааныш болууга, жаратылыштагы нерселер менен кубулуштардын өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө мүмкүнкүндүк берет. Табият менен таанышуу алардын ортосундагы бир катар айырмачылыктар менен байланышты аныктоого жардамдашып, баланын анык билимин байытат. Тирүү жандыктар менен мамиле жасоо билимдин анык негизин түзөт, анын курамын, заттардын ар түрдүү касиеттерин билүүнү толуктайт жана

ушунун негизинде жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн жашоо шарттарын түшүнүүгө мүмкүндүк алат. Демек, табият тууралуу билим баштапкы экологиялык маданияттын калыптануусуна негиз боло алат деп эсептейбиз.

Мектеп чейинки балдардын баштапкы экологиялык маданиятын калыптандырууда, мектепке чейинки мекемелердин, үй-бүлө тарбиясынын тажрыйбаларын эске алып, төмөндөгүдөй багыттарда иш жүргүзүү сунушталат:

- мектеп жашына чейинкилердин түшүнүгүнө жеңил, жөнөкөй илимий экологиялык билим берүү (эң мурда табиятты түшүнүү, туура мамиле кылууну үйрөнүү);
- жаратылышка кызыгууну өстүрүү;
- баланын экологиялык сабаты жана экологиялык кулк-мүнөзүнүн, билгичтигинин, далалатынын калыптанышы;
- табият жана айлана чөйрөгө адамгерчилик менен кароо, туура мамиле түзүүгө тарбиялоо, табият жандыктарына камкордук сезимин өстүрүү;
- өзүн табияттын бир бөлүгү катарында сезип, адам менен табияттын өз ара байланышын түшүнүү.

Табият менен туура мамиледе болуу, ал тууралуу билимдин керек экендиги жана адамгерчиликке, эстетикалык сезимдердин жана далалатынын болушу мектепке чейинки курактагы балдардын экологиялык маданиятын калыптандырууга негиз болот алат.

Демек, мектепке чейинки курактагы балдардын баштапкы экологиялык маданияты - бул экологиялык билим менен билүүсүн күндөлүк турмушта колдоно билүүгө багытталган жараян.

**Адабияттар:**


1. Воронков Н.А. Основы общей экологии. – М. 1997. – б.7
2. В.А. Прикладная экология. – М. 1996. – б.132
3. Геккель Э. Основы экологии. - М.1969.-б.512
4. Философский словарь. Ред. Фролов И.Т. - М. 1986. – б.358
5. Усекова Л.В., Сейдекулова К.С. Мектепке чейинки курактагы балдарды экологиялык тарбиялоо. Методикалык колдонмо. Б.-2010.